## Орто кесиптик билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн тышкы баалоо критерийлери

| № | Критерийлер | Ылайык келүү индикаторлору | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Ылайык келбейт | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келет |
| | | **1. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу | БУнун миссиясы эч жерде көрсөтүлгөн эмес. ОЖнын стратегиялык планы жок, бирок учурдагы пландар иштелип чыккан. | БУнун миссиясы БУнун Уставында жана/же бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана аларга жетишүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. БУнун өнүгүүсүнүн стратегиялык пландарын талкуулоо жана макулдашуу процессинин далилдери жок. Учурдагы пландар стратегиялык максаттарга ылайык келбейт. Максаттарга жетишүүгө мониторинг жана баалоо жүргүзүү механизмдери жок. | БУнун миссиясы БУнун Уставында бекитилген стратегиялык планында көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана индикаторлор, ошондой эле аларга жетишүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. БУнун өнүгүү максаттары жана пландары кызыкдар тараптар менен талкууланган. Стратегиялык пландардын детализациясы учурдагы пландарда жыл сайын көрсөтүлөт. |
| 1.2 | Жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышын мониторингдөө, аткаруунун | Мониторинг, жыл сайын баалоо практикасы жана талдоо процедуралары жок. | БУдагы окуу сапатына мониторинг жүргүзүү процедуралары, БУну өнүктүрүү пландары бекитилген. Пландарды аткарууну талдоо жана | БУдагы окуу сапатына мониторинг жүргүзүү процедуралары, БУну өнүктүрүү пландары бекитилген. Пландарды аткарууну жана индикаторлор боюнча максаттарга жетишүүнү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү | | индикаторлор боюнча максаттарга жетишүү, программаларды жана пландарды корректировкалоо практикасы тастыкталган жок же жыл сайын өткөрүлбөйт. | талдоо *жыл сайын* жүргүзүлөт (уюмдун өзүн өзү баалоосу), андан кийин программаларды жана пландарды корректировкалоо жүргүзүлөт. |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, окуучуларынын (студенттеринин) жана кызыкдар тараптардын катышуусу | Механизмдер же маалыматтар жок. | Локалдык документтерде сапатты камсыздоого кызыкдар тараптардын катышуусунун механизми иштелип чыккан. Сапатты ишке ашырууга, контролдоого, билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча чечим кабыл алууга катышуунун эч кандай далили жок же катышуу системалуу эмес. | Маалыматтарды талдоонун негизинде жана кызыкдар тараптарды тартуу менен БУнун чечимдерди кабыл алуу механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген.<br>Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча чечимдерди кабыл алууга, сапатты контролдоого катышуу практикасы киргизилген. |
| 1.4 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен киргизүү | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана СПС системалары жок. | БСБ жана СПС системалары бар, бирок БУнун ишмердүүлүгүндө колдонулбайт | Билим берүү уюмунун сапат менеджменти системасы иштелип чыккан, ишке киргизилген жана документтештирилген. БУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн сапатты камсыздоо жана башкаруу боюнча ролдору так аныкталган. |
| 1.5 | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүүнүн | Аныкталган эмес. | Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү | Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдары (кызматтар) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу | | жооптуу адамдары (кызматтар) аныкталган | аныкталган, алардын функционалдык милдеттери бекитилген. Түзүм жөнүндө локалдык акт бар. Кызматтын (жооптуу адамдардын) ишмердигинин натыйжаларынын баалоосу бар. |
| 1.6 | Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу. | БУнун сайтында маалымат жок. | Маалымат сайтка жайгаштырылган, бирок жаңыланбайт. | Маалымат туруктуу жаңыланат жана БУнун сайтына жайгаштырылат. |
| 1.7. | БУнун академиялык аброюн жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо үчүн аракеттердин болуусу | Тастыктоолор жок. | _ | БУ академиялык аброюн жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо боюнча аракеттерди көрүүдө |
| **2. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМ** | | | | |
| 2.1 | Билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жумушка кабыл алуунун, кызматы боюнча жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин колдонушу | АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек мыйзамдарына каршы келбейт. Башка маалыматтар берилген эмес же эффективдүү практикасы жок. | АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек мыйзамдарына каршы келбейт. Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген. Ишмердикти, карьералык көтөрүлүүгө дем берүү баяндалган эмес же | АБП, ОТП, КТП, окутуучуларды ишке кабыл алуу процедуралары эмгек мыйзамдарына каршы келбейт, кызматкерлер тарабынан дооматтар жок. Алардын ишмердүүлүгүн баалоо процедуралары жана критерийлери, стимул берүү жана карьералык көтөрүлүү процедуралары бекитилген. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жэтишээрлик натыйжалуу эмес. | Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген. |
| 2.2. | Билим берүү уюмунун окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүсү | БУда шарттар жок. | БУда окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн бир катар шарттар түзүлгөн, бирок кесиптик өнүктүрүү жана изилдөөлөр үчүн жетишсиз. | БУда окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү жана кесиптик өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлгөн. |
| 2.3. | Кесиптик өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү жана өзүнүн ишмердигинин чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөр тууралуу дайыма маалымдар болууга мүмкүндүк берүүчү окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу системасынын болуусу | Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана уюштурулган процесс болуп саналбайт. | Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана ишке ашырылууда:<br>- жыл сайын педагогдордун 20% (беш жылда – 100%) өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан жогорулатууда;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштөөдө;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштөөдө. | Педагогдорду үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү системасы бекитилген жана ишке ашырылууда:<br>- жыл сайын окутуудагы керектөөлөргө баалоо жүргүзүлүүдө;<br>- БУ үчүн талдоонун негизинде кесиптик өнүктүрүү боюнча пландар түзүлүүдө (БУнун стратегиялык жана жылдык пландардын бир бөлүгү катары);<br>- Педагогдор жеке индивидуалдуу кесиптик өнүгүү пландарын иштеп чыгышат;<br>- жыл сайын педагогдордун 20% (беш жылда – 100%) өзүнүн квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан жогорулатууда; |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | - методикалык бирикмелер натыйжалуу иштөөдө;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштөөдө;<br>- насаатчылар, МБ жетекчилери жана активдүү педагогдор сыйланууда. |
| 2.4. | Окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүү. | Маалыматтар жок | Окутуучулар арасында методикалык колдоо жана тажрыйба алмашуу системасы уюштурулган. | БУнун деңгээлинде инновациялык билим берүү методдоруна жана технологияларга окутуучуларды окутуу, методикалык колдоо системасы уюштурулган. КЖ курстарда, семинарларда, тренингдерде, БУдан тышкары аралыктан кубатталат. |
| 2.5. | Окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн окутуучулардын илимий ишмердигине дем берүү системасынын болуусу. | ИИИ үчүн сыйлоо системасы жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигин сыйлоо системасы иштелип чыккан. Аны ишке ашыруу боюнча эч кандай далил жок. | Окутуучулардын илимий ишмердигин сыйлоо жана окутуунун алдыңкы технологияларын жана инновациялык ыкмаларды колдонууну ишке киргизүү системасы иштелип чыккан жана иштеп жатат. ИИР үчүн сыйланган окутуучулардын саны боюнча маалыматтар берилген. |
| **3. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ЖАНА МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР** | | | | |
| 3.1 | Окуучулардын (студенттердин) ар кандай топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу | Талдоо берилген жок же начар камсыз болушун жана аны жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтөт. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын жана студенттердин керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө талданат. | МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын жана студенттердин, анын ичинде ДМЧ адамдардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсүнө талданат. Жакшыртуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо | | | үчүн чаралар көрүлүүдө, беш жылдын ичинде жылыштар бар. |
| 3.2. | Билим берүү уюму тарабынан окуу аянттарынын туруктуулугун жана жетиштүү болуусун камсыздоо | – | – | Лицензиялык талаптарга ылайык келет. |
| 3.3 | Окуу жайдын бөлмөлөрүнүн санитардык-гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык келиши | – | – | Окуу-материалдык базанын (жабдылгандык жана жакшыртылгандык) СанПин, мамөрткөзөмөлдүн талаптарына ылайык келүүсү тастыкталган. |
| 3.4 | Жатаканада (бар болсо) окуу, жашоо жана эс алуу үчүн шарттарды камсыздоо | Жашоо үчүн шарттар канааттанарлык эмес | Жатаканаларда жашоо, окуу жана бош убакытты өткөрүү үчүн (жашагандардын саны жана шарттардын сапаты) канааттандырарлык шарттар түзүлгөн. | Жатаканаларда жашоо, окуу жана бош убакытты өткөрүү үчүн (жашагандардын саны жана шарттардын сапаты) жакшы шарттар түзүлгөн. |
| 3.5 | Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттарды түзүү | Китепкана БУнун керектөөлөрүн камсыздабайт, орундардын жана китепкана фонддорунун саны чектелген. | Китепкана окуу жана көркөм фонддорунун аянты, саны, окуу залында отуруучу орундардын саны студенттердин керектөөлөрүн камсыз кылат. | Китепкана окуу жана көркөм фонддорунун аянты, саны, окуу залында отуруучу орундардын саны студенттердин керектөөлөрүн камсыз кылат, электрондук китепкана, компьютер жана интернет бар, китепкана фонду жыл сайын 10%га чейин жаңыланып турат. Китепкананын шарттарына мугалимдердин жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | окуучулардын канааттануусун баалоо бар. |
| 3.6. | Тамактануу үчүн (ашкана же буфет бар болсо) тиешелүү шарттарды, ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыздоо | Тамактануу жана медициналык тейлөө үчүн шарттар жок же алардын сапаты төмөн. | Тамактануу (орундардын саны жана тейлөөнүн сапаты боюнча) же медициналык тейлөө үчүн шарттар бар. | Тамактануу (орундардын саны жана тейлөөнүн сапаты боюнча), ошондой эле билим берүү уюмунун медициналык пунктунда медициналык тейлөө үчүн шарттар бар. |
| **4. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ** | | | | |
| 4.1 | Өзүнүн билим берүү максатын пландоо жана ишке ашыруу үчүн билим берүү уюму төмөнкүдөй маалыматтарды чогултулат, системалаштырылат, жалпылайт жана сактайт:<br>- окуучулардын (студенттердин) контингенти жөнүндө маалыматтарды;<br>- окуучулардын (студенттердин) катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жана иргөө жөнүндө маалыматтарды;<br>- окуучулардын (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;<br>- материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу; | БУ уюмдун ишмердиги жөнүндө өзүнчө маалыматтарга ээ. Маалыматтарды талдоо отчетторду түзүүдө жүргүзүлөт. | БУ маалыматтык системага ээ, жарым-жартылай электрондук түрдө. Маалыматтар БУну өнүктүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча жыл сайын пландоо үчүн чогултулат, сакталат, талданат. БУнун натыйжалуугунун негизги көрсөткүчтөр системасы БУну өнүктүрүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган. | БУ электрондук түрдө маалыматтык системага ээ. Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү, талдоо үчүн жооптуу адамдар бар. Маалыматтар БУ тарабынан жыл сайын өзүн-өзү баалоо жана БУнун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча пландоо үчүн чогултулат, сакталат, талданат. БУнун натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөр системасы БУну өнүктүрүүнүн стратегиялык планында чагылдырылган. Окуучулардын керектөөлөргө канааттануусун баалоо, контингент жана жетишүү көрсөткүчтөрү жөнүндө сандык маалыматтар ж.б. үчүн ата-энелерди сурамжылоо колдонулат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - билим берүү уюмунун ишинин натыйжалуулугун негизги көрсөткүчтөрү; | | | |
| 4.2. | Билим берүү уюмунун окуучуларынын (студенттеринин) жана кызматкерлеринин маалыматты чогултууга жана талдоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышуусу | Студенттер жана кызматкерлер маалыматты (контингент, сабакка катышуучулук, иргөө ж.б. жөнүндө маалыматтарды) чогултууга жана талдоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышпайт. | – | Студенттер жана кызматкерлер маалыматты (контингент, сабакка катышуучулук, иргөө ж.б. жөнүндө маалыматтарды) чогултууга, талдоого жана баалоого, кийинки иш-аракеттерди пландаштырууга катышышат. |
| 4.3. | Билим берүү уюмунун өзүнүн иши жөнүндө маалыматты коомчулукка туруктуу негизде берүүсү, анын ичинде:<br>- миссиясы;<br>- билим берүү максаттары;<br>- окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;<br>- ыйгарылуучу квалификациялар;<br>- окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;<br>- баалоо процедуралары;<br>- өтүү үчүн балл жана окуучуларга (студенттерге) берилүүчү мүмкүнчүлүктөр;<br>- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат | Маалымдоо каналдары жок же алар колдонулбайт/ маалыматтар жаңыланбайт. | Коомчулукту маалымдоо көп каналдуу, БУнун сайты, керектөөлөрдү талкуулоо жана баалоо процедуралары бар | БУнун өзүнүн коммуникациялык стратегиясы бар жана аны ырааттуу ишке ашырат. Коомчулукту маалымдоо көп каналдуу, БУнун сайты, керектөөлөрдү талкуулоо жана баалоо процедуралары бар. |
| 4.4 | Билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүү үчүн өзүнүн сайтын жана массалык маалымат каражаттарын колдонуусу. | Маалымдоо каналдары жок же алар колдонулбайт/ маалыматтар жаңыланбайт. | Коомчулукту маалымдоо көп каналдуу, ММК колдонулат, БУнун сайты бар, бирок маалымат туруктуу жаңыланбайт. | Коомчулукту маалымдоо көп каналдуу, ММК колдонулат, БУнун сайты бар, БУнун жаңыланып туруучу сайты бар, маалыматтын өз убагында |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | берилишине жана толуктугуна жооп берүүчү жооптуу адам бар. |
| 4.5. | Билим берүү уюму башкаруунун автоматташтырылган (программалык) системасынын жардамы менен башкарылат. Аталган система жок болгон учурда орто билим берүү уюму аны иштеп чыгууну же сатып алууну жана эксплуатациялоону пландайт. | БАС колдонулбайт, аны ишке киргизүүнү пландоо боюнча маалыматтар жок. | БАСты иштеп чыгуу же сатып алуу жана эксплуатациялоо пландалууда. | БАС колдонулууда. |
| **5. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ ПЛАНДОО ЖАНА БАШКАРУУ** | | | | |
| 5.1 | Билим берүү уюмунун сапатын камсыздоо жана жетишкен деңгээлин кармап туруу үчүн билим берүү уюмунун финансылык каражаттары жетиштүү. Финансылык туруктуулукка билим берүүнүн сапатын төмөндөтүүнүн эсебинен жетишүүгө болбойт | Стратегиялык жана учурдагы пландарда финансылык маселелер көрсөтүлгөн эмес. | БУнун финансылык ресурстары билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн стратегиялык жана учурдагы пландарда пландаштырылган. Финансылык туруксуздук байкалууда. | Акыркы 5 жылда финансылык ресурстардын көрсөткүчтөрүнүн алгылыктуу динамикасы бар жана алар туруктуу. Жакшыртуу үчүн системалуу мониторинг жүргүзүлөт жана чечимдер кабыл алынат. |
| 5.2 | Окуучулар (студенттер), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам ачык белгиленген максаттарга, милдеттерге ылайык ишке ашырылат. Окуучуларга (студенттерге), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга окуучулар (студенттер), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курам менен билим берүү уюмунун ортосундагы өз ара мамиле менен байланышкан бардык финансылык маселелер боюнча өз учурунда жана толук маалымат берилет | Финансылык жардам берүү ишке ашырылбайт. Бардык финансылык маселелер боюнча маалымат жок. | Финансылык жардам жарым-жартылай ишке ашырылат. Финансылык маселелер жөнүндө маалыматтар кызыкдар тараптарга жеткиликтүү эмес. | БУнун студенттерине жана кызматкерлеринин бардык категорияларына финансылык жардам көрсөтүү боюнча туруктуу иштөөчү система жана оң практика бар. Аталган критерий боюнча локалдык актылар иштелип чыккан жана иштеп жатат. Финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө ченемдик документтер жана аларды ишке ашыруунун натыйжалары кызыкдар тараптарга жеткиликтүү. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. 3 | Билим берүү уюму жылдык жана стратегиялык финансылык пландоодо окуучуларга (студенттерге), окутуучу жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам көрсөтүүнү эске алат | БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам көрсөтүүнү карабайт | БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга финансылык жардам көрсөтүүнү жарым-жартылай эске алат. Студенттерге жана кызматкерлерге материалдык жардам көрсөтүү уюмдун бекитилген чыгымдар жана киреше сметасына ылайык ишке ашырылат. | БУ ар жылдык жана стратегиялык финансылык пландаштырууда окуучуларга (студенттерге), окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамга уюмдун бекитилген чыгымдар жана киреше сметасында каралган финансылык жардам көрсөтүүнү туруктуу эске алат. |
| 5.4 | Билим берүү уюму финансылык каражаттарды пландоонун, башкаруунун натыйжалуулугун кепилдөөчү технологияларды колдонот. Билим берүү уюмунун бюджетин бөлүштүрүү болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландалуучу керектөөлөрдү баалоонун жана талдоонун негизинде жүргүзүлөт | Технология жок.<br>Талдоо жүргүзүлбөйт. | Финансылык каражаттарды колдонууда натыйжалуулуктун терс динамикасы байкалууда. | БУга финансылык каражаттарды башкаруунун натыйжалуулугуна кепилдик берүүчү жаңы технологиялар киргизилген жана колдонулат. Бюджетти бөлүштүрүү колдо болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган керектөөлөрдү баалоонун жана талдоонун негизинде түзүлөт. |
| 5.5 | Билим берүү уюму, анын уюштуруу түзүмүндө функциялык милдеттери так аныкталган квалификациялуу финансылык кызматкерлердин штатына ээ | Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келбейт. | Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келет. Иштөө тажрыйбасы жана | Финансы кызматкерлеринин квалификациясы ээлеген кызматына ылайык келет.<br>Финансы кызматтарынын ишмердигин жөнгө салуучу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | алардын кызматтык нускамалары бар. | локалдык ченемдик актылар бар, финансы кызматкерлери квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтөт. |
| 5.6 | Билим берүү уюму финансыны башкаруудагы ачыктыкты жана айкындуулукту, сарамжалдуу финансылык башкарууну, бюджетти негиздүү түзүүнү, тобокелдиктерди баалоонун жана контролдоонун ички механизмдерин кепилдейт | БУнун финансылык иши ачык-айкын эмес, тобокелдиктерди контролдоо жана баалоо механизмдери жок | БУнун финансылык иши жарым-жартылай ачык. Тобокелдиктерди контролдоо жана баалоо механизмдери натыйжалуу эмес. | БУнун финансылык иши ачык - айкын, сарамжалдуу, бюджетти түзүү негиздүү, тобокелдиктерди ички контролдоо жана баалоо механизмдери бар |
| 5.7 | Билим берүү уюмунун финансылык каражаттарынын олуттуу бөлүгү билим берүү, изилдөө ишин колдоого жана билим берүү уюмунун инфраструктурасын жакшыртууга багытталат. Билим берүү уюму өнүгүү үчүн зарыл болгон өз бюджетин пландуу түрдө көбөйтөт | БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга багытталган эмес. БУ өзүнүн бюджетин дайыма эле жогорулата бербейт. | БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга жарым-жартылай багытталат. БУ өзүнүн бюджетин дайыма эле жогорулата бербейт. | БУнун финансылык ресурстарынын олуттуу бөлүгү билим берүүчү уюмунун билим берүү, изилдөө ишмердигине жана инфраструктурасын жакшыртууга багытталат. БУ өнүктүрүү үчүн өзүнүн бюджетин пландуу жогорулатат. |
| 5.8 | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалын сырттан жана ичтен баалоо механизмине ээ. Билим берүү уюму туруктуу негизде финансылык аудиттен өтөт | БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ эмес. БУ финансылык аудиттен өтпөйт | БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ. БУ финансылык аудиттен туруктуу өтпөйт | БУ өзүнүн финансылык абалын ички жана тышкы баалоо механизмдерине ээ. БУ финансылык аудиттен туруктуу өтөт |
| 5.9 | Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө түрткү берет (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын | БУнун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө түрткү бербейт (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана | БУнун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө жарым-жартылай түрткү берет (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана | Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүү уюмун туруктуу өнүктүрүүгө түрткү берет (эмгек акы, коммуналдык, коммуникациялык жана башка кызмат көрсөтүүлөргө, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар). | башка кызмат көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар). | башка кызмат көрсөтүүлөргө, окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар). | окутуучулардын жана персоналдын квалификацияларын жогорулатууга чыгымдар, билим берүү уюмун өнүктүрүүгө чыгымдар). |